**АННОТАЦИЯ**

**550200 – Физика-математикалык билим берүү багытына кыргыз тилин окутуу дисциплинасы үчүн**

| Окуу дисциплинасы (кредити): | Кыргыз тили (4 кредит) |
|---|---|
| Дисциплина максаты: | Физика адистиктеринде билим алган студенттерге кыргыз тилин окутуу жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодогу Улуттук программанын өзөктүү миссиясына кирет: кеп ишмердүүлүгүн (сүйлөө, жазуу, окуу, угуу) мамлекеттик тилдин талаптарына ылайык жүргүзүүгө машыктыруу; - аталган дисциплинадан алган билим, көндүмдөрүн кесиптик ишмердүүлүктөрүндө туура пайдаланууга көнүктүрүү; - кыргыз элинин маданий баалуулуктары менен тааныштыруу жана түшүнүктөрүн тереңдетүү; мекенди сүйүүгө, эли-жерин сыйлоого чакыруу. мамлекеттик тилди кеңири жайылтууга, экстролингвистикалык факторлорду билип, салттык көз караштарга туура мамиле жасоого, улуттук баалуулуктардын маанисин, тарыхын, жашоодогу ордун билүү менен ааламдашуу процессиндеги түшүнүктөрүн кеңейтүүгө; классикалык чыгармаладан алынган тексттер, андагы илимий технологияга байланыштуу физикалык түшүнүктөрдү баалап, көркөмдүк, мазмундук нарк-насилге анализдөөгө жетишет; заманбап билим берүү технологияларын пайдалануу аркылуу өз алдынча ой жүгүртүүгө, маселелерди чыгармачылык менен чечүүгө жана кесиптик ишмердүүлүгүндө кеп маданиятын колдонууга жетиштирүү. |
| Курска мүнөздөмө: | Кыргыз тили дисциплинасы физика адистиктерин даярдоодо функционалдык негиз болуп, студенттердин мамлекеттик тилди өздөштүрүүсү жана функционалдык сабаттуулугу үчүн зарыл болгон лингвостилистикалык билимдерди калыптандырууга багытталган. Дисциплина улуттук көз караш, түшүнүктөрдү, кеп кудурети, тил билүү деңгээлдерин жогорулатуу аркылуу логикалык жана аналитикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүп, мамлекеттик тил, улуттук баалуулуктардын ордун, турмуштук маанисин камтыган маселелерди чечүүдө натыйжалуу колдонууга үйрөтөт, студенттердин өз алдынча иштөөсүндө, кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланууга даярдайт. |
| Дисциплинанын кыскача мазмуну: | Кыргыз тили дисциплинасы мамлекеттик тилди кеңири жайылтууга, экстролингвистикалык факторлорду билип, салттык көз караштарга туура мамиле жасоого, улуттук баалуулуктардын маанисин, тарыхын, жашоодогу ордун билүү менен ааламдашуу процессиндеги түшүнүктөрүн кеңейтүүгө; классикалык чыгармаладан алынган тексттер, андагы илимий технологияга байланыштуу түшүнүктөрдү баалап, көркөмдүк, мазмундук нарк-насили төмөн тексттерге сын айтууга жетишет; өз өлкөсүнүн элдик менталитети менен колоритин баалайт, улуттук өзгөчөлүктөрүн салыштырат. Тилдик грамматикалык |

| | |
|---|---|
| | сабаттуулугун арттырат; оозеки жана жазма кебин калыптайт; тилдик жана кептик компетенцияларга ээ болуп, көз карашы кеңейип, жан дүйнөсү байыйт. Алган теориялык билимин креативдүү пайдаланууга жетишет. |
| Калыптандырылуучу компетенциялар: | **ЖК-1** Мамлекеттик тилде түрдүү профессионалдык жана социалдык ишмердүүлүктөрүндө гуманитардык, табият таануу, техника илимдеринин усулдарын өндүрүштө колдонуу, социалдык көйгөйлөрдү, процесстерди анализдөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болот.<br><br>***ЖК-5*** Эл алдына чыгып сүйлөөдө логикалуу жана аргументтештирип анализдөө, тарбиялык жана билим берүү ишмердүүлүгүндө талкуу уюштуруу, толеранттуулукта карама-каршылыктарды чечүү жана кызматташуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болот.<br><br>ИК-2. Ишенимдүү ойлоо менен оозеки жана жазуу кебин мамлекеттик тилде жүргүзүүгө даяр болот;<br><br>ИК-4. Мамлекеттик тилде ишкердик баарлашууга, мезгилдик кабарларды анализдөөгө, пикир алышууга, жыйналыш өткөрүүгө, кызматтык каттарын жазууга, электрондук байланыш жүргүзүү жөндөмдүүлүгүнө жетишет. |
| Күтүлүүчү окуу натыйжалары: | ◆ Гуманитардык, табигый, эстетикалык жана этикалык дисциплиналар боюнча базалык билимдерин кесиптик ишмердүүлүгүндө колдонууга жөндөмдүү:<br>◆ Кыргыз тилин коомдук-социалдык чөйрө талап кылган деңгээлде өздөштүрө билет;<br>◆ Студент кайсы кесипке ээ болбосун өз алдынча кыргыз тили боюнча жеке пикирин билдирүүгө, ар түрдүү пикир алышууга өз алдынча анализ берүүгө, аны мазмундук жана формалык жактан аныктоого тиешелүү компетенцияларга ээ болот.<br>Бул дисциплинанын мазмунун аткарууга багытталган иштер ар бир студенттин билгендерин коомдук-социалдык чөйрөнүн бардык сферасында колдоно алуусуна шарт түзөт. 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу жөнүндө Жарлыгына ылайык, Кыргыз тилин дүйнөлүк улуттардын контингентинде барктуулугун түшүнүүсү, жогорулатуу маанилүү болуп саналышына салым кошот. |
| Пререквизиттер: | Мектеп базасындагы предметтер: кыргызстандын тарыхы, адабияты, кыргыз тили |
| Посреквизиттер: | философия, экономика, экология, физикалык билим берүү багытындагы курстар |
| Адабияттар: | 1.Абдышова З., Айбашова Т., Мураталиева У. Кыргыз тили Б – 2020.<br>2.Азыркы кыргыз тили: фонетика, лексикология, морфология, синтаксис. –Б., 2015. -518б.<br>3. Айбашова Т., Кенжебаева А., Мураталиева У. Иш кагаздарын окутуу Б – 2022. |

| | |
|---|---|
| | 4.Касмамбетов С. Ой санат, Жол санат, Нарк куржун – Б.: 2023.<br>5. Коңкобаев К., Ботобекова А. Кыргыз ымдоо-жаңсоолорунун түшүндүрмө сөздүгү. –Б.: 2007<br>6.Короткина И. Академиялык жазуу<br>7.Рысбаев С., Акматова А. Окуучунун сүйлөө ишмердиги. – Б.: 2013. |